УДК: 78.37.015
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-337-342

**Осмоналиева А.М.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Осмоналиева А.М.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Osmonalieva A.M.**
Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

# ЭЛДИК МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАР – КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КААДА-САЛТЫНЫН КҮЗГҮСҮ

# НАРОДНЫЕ МУЗЫКАЛЬНЫЕ ИНСТРУМЕНТЫ – ЗЕРКАЛО ТРАДИЦИЙ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

# FOLK MUSICAL INSTRUMENTS – A MIRROR OF THE TRADITIONS OF THE KYRGYZ PEOPLE

**Аннотация:** Бул макалада кыргыз элинин музыкалык аспаптарынын элдик каада-салттардагы, көркөм дүйнөсүн үйрөнүүнүн негизги булактарынын бири музыкалык аспаптарынын ордун жана маанисин чагылдырат. Кыргыз элинин күнүмдүк турмушунда да музыкалык аспаптардын ээлеген орду өтө чоң экенин сүрөттөлгөн.

**Негизги сөздөр:** эл, элдик, каада-салт, музыка, аспап, аспаптар, улут, уруу, ырым-жырым, мурас, тарых.

**Аннотация:** В статье отражено место и значение кыргызских музыкальных инструментов в жизни народа, одного из основных источников познания художественного мира и народных традиций. Показано, что музыкальные инструменты играют очень важную роль в повседневной жизни кыргызов.

**Ключевые слова:** народ, фольклор, традиция, музыка, инструмент, инструменты, нация, племя, обряд, наследие, история.

**Annotation:** The article reflects the place and importance of Kyrgyz musical instruments in the life of the people, one of the main sources of knowledge of the artistic world and folk traditions. It is shown that musical instruments play a very important role in the daily life of Kyrgyz people.

**Keywords:** people, folklore, tradition, music, instrument, instruments, nation, tribe, ritual, heritage, history.

Элдик музыкалык аспап-элдин маданиятын, каада салтын турмуш тиричилигин, дүйнөгө көз карашын, тарыхын чагылдыруучу баа жеткис мурас.Кыргыз эли эзелтен колдонуп, пайдаланып келген музыкалык аспаптар, анын турмуш тиричилиги, салт-санаасы менен тыгыз байланышта болгону баарыбызга белгилүү. Элибиздин өткөн тарыхын, маданиятын, көп кылым сүргөн салт-санаасын, көркөм дүйнөсүн үйрөнүүнүн негизги булактарынын бири кыргыз элинин музыкалык аспаптары болуп саналат. Элдик музыкалык аспаптар бүгункү кундө жаңы жогорулашты башынан өткөрүп жатат, алар музыкалык чыгармачылыктын ажырагыс атрибуту жана прикладдык искуствонун объектиси катары кызыктуу. Азыркы учурда алар симфониялык оркестрлердин үнүндө элдик музыкага байыркы замандын кайталангыс даамын берүү үчүн кеңири колдонулуп экинчи өмүрүн табышты [2, 136-б.].

Ар кандай элдик музыкалык аспап этникалык топтун тарыхынын бир бөлүгү болуп саналат. Алар ошол элдин каада салтттарын жана үрп –адаттардын өзгөчөлүгүн ачып бере алышат, өз элинин маданияты жөнүндө көп нерселерди айтып бере алышат. Кыргыз музыкасы жаратылышка, тоодогу жашоого айкалышкандыгы менен өзгөчөлөнөт. Көптөгөн ырлардын текстери көчмөндөрдүн күнүмдүк турмушунан кабар берет, ал тургай, сөзу жок композицияларында да тиешелүү маанай тымызын берилген.

Орто Азия элдеринин эң эзелкилеринин бири-кыргыздар. Алардын улут болуп калыптануу тарыхы көп кылымдарды камтып, байыркы мезгилге такалат. Орто жана Борбордук Азияда, ошондой эле коңшу региондордо жашаган элдердин улут болуп калыптануу процесси менен тыгыз байланышта болгон кыргыздардын этникалык тарыхынын көп кырдуулугу, түркүн аспектүүлүгү талашсыз. Буга көптөгөн археологиялык эстеликтер күбө  боло алат. Алар кыргыздардын Минусин ойдуңунан тартып Волга боюна чейинки аймакта жашаган элдер менен болгон этникалык тектештигин жана тыгыз байланышын, ошондой эле Кавказ, Иран менен болгон карым- катнашын айкындашат.

Этникалык калыптануу процессинин татаалдыгы, улут болуп жаралуу тарыхынын байыркылыгы кыргыз элинин жашоо турмуш тиричилигине, диний көз караш комплексине, архитектура менен коркөм өнөрчүлүк дүйнөсүнө өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Аларда Орто Азия менен катар эле Борбордук Азия цивилизацияларынын таасири да таасын байкалат. Этникалык тарыхынын татаалдыгы менен тыгыз байланышта болгон элибиздин диндик көз карашынын калыптануусу да көп түрдүү өнүгуп өсүү баскычын башынан өткөргөнүн айта кетүү зарыл. Өткөн мезгилдин чиелешкен тарыхый окуялары кыргыздардын диний тушүнүктөрү анимизмдин, тотемизмдин, бакшылыктын, зороастризмдин, буддизмдин таасири астында калыптанган. Кыргыз элинин музыкалык аспаптары жогоруда айтылган карым катнаштардын күбөсү болсо, экинчи жагынан үрп-адат, ырым-жырым жана башка диний түшүнүктөр менен болгон тыгыз биримдикти айгинелейт.

Евразиянын көчмөн жана отурукташкан урууларынан көп нерсени сиңире алган кыргыздар, коңшулаш элдердин рухий дүйносунөн оз бөтнөнчөлүгү, оргиналдуулугу менен айырмаланган жогорку көркөмдүктөгү маданий мурас жаратып муундарга таберик катары калтырды. Ал маданий мурастардын сап башында кайталангыс стилге ээ болгон улуттук музыкалык аспаптар турат. Атайлап кыргыз музыкасы ноталарда жазылбаса да, уюткулуу улуу элдин кубанычы, кайгы-муңу арзуу-сүйүүсүү,эрдиги жана эркиндиги мына ушул музыкалык аспаптардын музаларында терең камтылган.

Кыргыз урууларынын байыркы музыкалык аспаптарынын жакынкы эле мезгилге чейин сакталып келген негизги өзгөчөлүгүнүн бири- бул алардын бир эле мезгилде эстетикалык да, ырым-жырым, үрп-адаттарында да колдонула бериши. Кыргыздардын музыкалык аспаптарынын күндөлүк адаттагы турмушта жана ырым-жырым, үрп-адаттарда аткарган милдетинен да кеңири көрүнөт. Бирок, бул бөтөнчөлүк алардын баарынан бирдей байкалбайт.

Муундан муунга мурас болуп келе жаткан ар түрдүү музыкалык аспаптарда кыргыз элинин ар кандай турмуштарын, кубанычтарын, кайгы –капаларын, махабаттарын, эрдиктерин күүгө салуу, ырга кошуу менен өздөрүнүн кулк-мүнөздөрүнө айкалышкан улуттук ритмдерин, обондорун күүлөрүн изилдеп чыгышкан. Кыргыздын элдик музыкалык аспаптарынын ар биринин өзүнө таандык үнү, аткаруу ыкмалары, кайталангыс өзгөчөлүктөрү бар. Алар жөнүндө маалыматтар, оозеки элдик ырларда, уламыштарда жана дастандарда айтылат. Алгач аспаптарды жыгачтан, түрдүү өсүмдүктөрдөн, малдын териси менен сөөгүнөн, мүйүзү менен кылынан жасаган. Музыкалык аспаптарга обондорду чыгаруу менен бирге аларды жар чакырууда, жоокерлерди чогултууда, жоого аттанууда, улуу жеңиштерди даңктоодо, кабарлоодо, белги берүүдө, куш салууда пайдаланган.

Каада-салт, ырым-жырым менен тыгыз байланышкан аспаптардын ичинен биринчи кезекте дилдиректи көрсөтүүгө болот.

Дилдирек – бири-бирине урунуудан үн чыгаруучу тегерек, жука эки темир табакча Аспаптын аталышы дилдире деген сөздон келип чыккан. Аспаптын орто ченинен оюлган көзөнөккө жип өткөзүлүп жана анын жардамы менен дилдирек малдын мойнуна илинген. Элдин айтуусуна караганда аспаптын акырын дилдиреп чыккан үнү шамалдын же болбосо мадын катуу басыгынан пайда болгон. Мындан тышкары оттогон мал калың бадалды, бийик өскөн чийди, чөптөрдү аралаган кезде да аларга урунган аспап үн чыгарган.Аспапка малды аман сактоо ырым-жырымдарында чоң орун берилип келгенин баса көрсөтүү менен чарбалык үрп-адаттардын анимистик, тотоемистик көз караштар, түшүнүктөр комплекси менен болгон тыгыз байланышын эскере кеткибиз келет. Аспапты темир усталар суранган жана каалаган адамдын талабы боюнча жасашкан.

Жылаажын – кыргыз элинин эң байыркы музыкалык аспаптарынын бири, бир жак капталында оюгу бар тоголок шар сымал музыкалык аспап.Аспаптын жылаажын деген аты Кыргызстандын түндүк аймагында кездешет, ал эми түштүктө болсо зыңгырооч деген ат менен белгилүү. Жылаажынды кичинекей балдардын жакаларына, келиндердин чач учугунун ар кайсы жерине тагышкан. Бүгүнкү күндө жылаажын куш салуу аземи кезиккен же кайра жарала баштаган жержерлерден кездешет. Аспаптын кулакка жагымдуу үнү тоолуу жерде майда бадалдар арасында олжосун чокуп жегени жаткан кушту табууну ылдамдатат. Бүлдүргүнүн сыртындагы шакекчесинен өткөзүлгөн жип аркылуу мүнүшкөрлөр жылаажынды куштардын куйругуна тагышкан. Аспап темирден, жезден, колодон жасалган. Жылаажын байыртан колдонулуп келе жаткан жана кеңири тараган аспап.

Аса-муса – бири-бирине бекитилген таякка урунуудан добуш чыгаруучу шылдырактуу музыкалык аспап. Дубаналардын атайын көтөрүп жүргөн белгиси катары бардык жерде кеңири тараган. Бүгүнкү күндө өзүнүн кадимки түрүндө колдонуудан чыгып калган. Ошондуктан ал жөнүндө маалыматтар улуу муундун өкүлдөрүнүн гана эсинде калган. Аспаптын мындай аталып калышы аспапты жасоодо колдонулган жердиги да себепчи

болгондой. Анткени, эл ичинде аспап жасалган бадалды аса-муса деп аташат. Эл ичинде бул бадалдан жасалган таякты курандагы Муса пайгамбар таянган экен, мына ошондон улам ал аса-муса деп аталып калган деген имиштер тараган. Кээ бир учурда бардыгы текши темирден жасалган аса-мусалар да кездешет. Уй турмушунда керектелүүчү эмеректерди, айыл–чарба шаймандарын жасай билген кыргыздын темир усталары үчүн, текши темирден аса-мусаны жасоо көп деле кыйынчылык келтирген эмес. Аспатагы үндүн булагы-анын жазы төрт кырдуу алкагына тагылган кичинекей коңгуроолор жана түрдүү шылдырактар.Андан үн чыгаруу үчүн ичке учун жерге урушкан же болбосо аркы-терки кыймылдатышкан.Дин кызматкерлеринин белгиси болгон аса-мусаны дубаналар гана колдонушкан. Бул көрунүш элибиздин диний көз караштарынын көп турдүүлүгүнөн жана исламга чейинки ырым-жырымдардын толук сакталышынан кабар берет [7, 27-б.].

Жекесан – коңгуроо сымал тилдүү аспап. Өткөн мезгилде жекесан кеңири белгилүү болгон. Аспаптын жекесан деп аталышы Түндүк жана Түндүк-Батыш аймагында кезигет. Жекесанды коңгуроо деп атаган учурлар Түштүктө кезигет. Божомолдорго караганда такасына жылаажын салынган өтүк менен байланыштуу. Сөздүн ушул аталышында “Манас” эпосунда да кезигет. Жекесан көпчүлүк элдердин күндөлүк турмушунда кеңири тараган коңгуроолордон эч айырмаланбайт. Бүлдүргүсү жана тили илинүүчү бүтүн жагы түбү деп аталат. Аспаптын жалпак табактан конус формасында жасалган жөнөкөй түрлөрү эл ичинде кеңири таралган. Конустун ичке учу бөлүнүп кесилип. Кесиндилер ортосундагы пайда болгон жылчыктар аркылуу кайыштан жасалган боо тагылган. Боонун бир жак учунда аспаптын үн чыгаруучу тили илинген, ал эми экинчи учунан болсо төөнүн мойнуна тагылган. Ал эми оокаттуу кишилер кооз оймо-чийме салынып, күмүш жалатылган жекесандарды колдонушкан. Мындай аспаптарды чеберчилик менен жасашкан. Башка аспаптар сыяктуу эле жекесанды темир усталар колодон, жезден, темирден жасашкан. Жекесандын добушу бийик чыгып угумдуу келген. Көч салтанатын жаратууда жекесандын ролу чон болгон. Ал көч алдында төөгө тагылган. Бир жерден экинчи жерге көчүү көчмөндөр үчүн эң чоң майрам болгон. Көчү бойго жеткен кыз баштайт, кыргыз аялдары көч күнү жибектен тигилген, эң жакшы кийимдерин кийишкен. Чачтарына күмүш жасалгаларды тагышкан. Жылаажындар сыяктуу эле жекесан аспаптын ээсинин абалын, кербен башчынын, көч ээсинин байлыгын, атак-даңкын күбөлөгөн.

Добулбаш-тери менен капталган бир жактуу алкактык барабан. Аспаптын аталышы башты, башчыны, кол башчыны, биринчи дегенди түшүндүрөт. Ушундан улам добулбаш кыргыз элинин жаргактуу аспаптарынын бири жана кол башчынын белгиси болгон деп айтсак болот. Бул ойду миң жылдан ашуун мурда жазылган Тан доорундагы жазма булактар далилдесе, түрк тилиндеги даректемелерде тууну, аскер башчысынын белгиси болгон найзанын түпөгүн да билдирген. Добулбаштын алкагы жумшак жана жакшы ийилген жыгачтан жасалган. Адатта бул үчүн жергебизде өскөн тал, кайың жана арчалар кеңири колдонулган.Жукаланып кесилген тактайдын эки учу бири-бирине көктүн жардамы менен бириктирилет. Добулбаштын алкагын жасоо кыргыз усталары үчүн көнүмүш болгон. Добулбашты согушта белги берүү, элди жыйынга чогултуу, салтанаттуу жүрүштөрдү коштоо учун, мүнүшкөрлүккө чыкканда кайберенди илбээсинди бир багытка айдоо үркүтүү үчүн да колдонушкан. Добулбашты эн эзелки “бакшылардын” аспабы катары көрсөтүлгөн сүрөтүн атактуу Саймалы –Таш петроглифинен көрүүгө болот. Саймалы-Ташта сүрөтү чегилген

ыйык аспап добулбаш, кыргыздарда ушул күнгө чейин ушул ушул ыйык мүнөздө сакталып келе жатат [4, 65-б.].

Кыргыздын мукам үндүү музыкалык аспаптары жалпы элдин турмуш тиричилиги, тарыхы, каада- салты менен тыгыз байланышып, элибиздин маданиятынын бийик деңгээлде экенинен кабар берет. Элибиздин музыкалык аспаптары жөнүндө эң алгачкы маалыматтар Тан дооруна тийиштүү болгон династиялык хроникадан кезиктирүүгө болот. Мындай маалыматтарды өткөн кылымдагы географ-саякатчылардын, этнографтардын илимий эмгектеринде көп кездешет. Кыргыздардын каада салттары, үрп адаттары мазмуну боюнча бай этно-маданий комплекс болуп саналат. Элдин улуттук салттары динден мурда эле түптөлүп, эл-журтка сиңип, укумдан тукумга уланып келе жатса да, элдин жашаган жерине, тарыхый жашоо шартына, кабыл алган динине байланыштуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Ислам салт-санаалары менен бирге исламга чейинки ишенимдердин, сыйынуулардын жана ырым-жырымдардын бүтүндөй катмарын көрүүгө болот [7, 69-б].

Кыргызстан-байыркы жана тарыхы татаал, өзгөчө табигый шарттагы өлкө. Борбордук Азиянын түндүк чыгышында, негизинен Тянь-Шандын батыш жагында, Памир бөлүгүнүн чегинде жайгашкан. Кыргызстандын басымдуу көпчүлүгү мал чарбачылык менен алектенет. Кыргыздар эркиндикти сүйгөн, чечкиндүү, чыдамкай эл катары таанылган. Кыргыз жигиттеринин жоокердик сапаттары оозеки музыкалык-поэтикалык чыгармачылыкта кеңири чагылдырылат. Кыргыздардын, алардын ата-бабаларынын басып өткөн тарыхый жолу көп жагынан улуттук музыкалык маданияттын өзгөчөлүктөрүн айгинелейт. Кыргыз элинин түзүлүш процесси узак мезгил бою, Тянь-Шандык, түштүк сибирдик, түндүк моңголдук түрк урууларынын катышуусу менен өзгөчө тарыхый этнологиялык шарттарда болуп өткөн. Бирок баарыбызга белгилүү болгондой, Орто Азия элдери сыяктуу эле кыргыздар узак убакыт көчмөн турмушту башынан кечиришкен, ошондуктан элдик каада салттар, үрп адаттар, музыкалык поэтикалык чыгармачылык анын ичинде музыкалык аспаптар да көчмөн турмушка ылайык ылайык калыптанган. Ошентип кыргыз элдик музыкалык чыгармачылыгы маданий эволюциянын көп кылымдык татаал жолун чагылдырып, тарыхый окуялардын негизинде анын жанрдык жана стилдик салттарын калыптандыра берген, алар болсо, өз кезегинде, улуттук музыкалык аң-сезимдин андан ары өнүгүшүн камсыз кылган. Элдик аспаптардын келип чыгышы жана эволюциялык өнүгүп өзгөрүүсү узак убакытты талап кылып, кылымдарды басып өткөн процесс экендигин көрсөттү. Бул процесстин жүрүшүндө аталган аспаптардын көпчүлүгү тигил же бул адамзат коомунун мүчөлөрүнүн үндүн жардамы аркылуу кабарлашууга болгон муктаждыктарын, ошонун ичинде биргелешип эмгектенүү, үрп-адат салттарын ишке ашыруу, өзүнүн ой-сезимин, акыл-эсин өстүрүүнү, рухий дүйнөсүн калыптоо сыяктуу жагдайларын калыптандыра алышкан. Башында адамдардын күндөлүк турмушу, чарбачылыгы менен тыгыз байланышкан, кийинчерээк ал аз-аздан бөлүнүп өз алдынчалыкка ээ боло баштаган [1, 65-б.].

Ар бир элдин турмуш-шартынын өзгөрүүсу менен анын коомдук түзүлүшүнүн бардык элементтери да өзгөрөрү белгилүү. Албетте, ал музыкалык аспаптын колдонулушуна, пайдаланылышына өз таасирин тийгизбей койбойт. Мына ушундан улам кээ бир музыкалык аспаптар жардамчы иретинде колдонулуп, экинчи орунга өтсө, башкалары биринчи орунга чыгып, аны колдонгон, пайдаланган элдин музыкалык маданиятынын калыптанышына зор таасир тийгизе баштайт. Музыкалык аспап элдик философиялык түшүнүктүн, ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүгүн чагылдырат. Мындай өзгөчөлүк дүйнө элдеринин басымдуу көпчүлүгүнөн жолугуучу бөтөнчөлүк Кыргыз музыкалык аспаптары өсүү жолунда десем да

жанылышпайм, өткөн кылымдарда алардын жасалышы көчмөн жана жарым көчмөн турмуш шартына идеалдуу ыңгайлаштырылгандыктан, эволюциялык өнүгүшү өтө жай жүргөн. Ушул себептен аспаптардын сырткы кебетеси жөнөкөй болуп, аларды өзгөртүп – өнүктүрүп туруу талап кылынган эмес. Азыркы убакта музыкалык аспапчылык жалпы жонунан алганда да жекече бир аспап боюнча алганда да, салыштырмалуу тездик менен жаңыланып жатат. Анын музыкалык жана техникалык жактан көрсөткүчтөрү кенейди.

Кыргыздардын түшүнүгү боюнча аспаптар элдин айлана чөйрөгө болгон рухий жана эстетикалык мамилесинин өзүнчө бир материалдык символу болуп эсептелинет.

Кыргыздардын турмушунда музыкалык аспаптардын чоң мааниге ээ болгондугун "Манас" эпосунда да бир нече жолу айтылганын көрсөк болот. Эпостун саптарында, аспаптар өтө көркөм сүрөттөлгөн. Мансчы Сагымбай Орозбак уулунун вариантында жез комуз, чоор, жезнай, жекесан, сабызгы, чымылдак жылаажын жана башка музыкалык аспаптар кандай учурларда ойнолгондору жөнүндө өтө кеңири айтылат. "Манас" эпосунда баяндалган ар кандай окуяларда музыкалык аспаптар тойлордо, озгөчө жортуулдарга аттанышканда, жеңиштерге жетишкенде, душмандардын үшүн алганда пайдаланган. Эпосто айтылгандай элдик аспаптар согуштарда, аш тойлордо, же бир жерден экинчи жерге көчкөндө да коштоп жүргөн. "Манас" эпосунда жекесан, жылаажын, добулбас өңдүү музыкалык аспаптар, ар кандай көлөмдөгү коңгуроолор да болгону айтылат. Бул аспаптар да негизинен жортуулдарда кагылган.

Кыргыздардын түшүнүгү боюнча аспаптар элдин айлана-чөйрөгө болгон рухий жана эстетикалык мамилесининөзүнчө бир материалдык символу эсептелет. Музыкалык аспаптар, мисалы, комуз кымбат, ыйык буюм катары баркталып боз үйдүн же там үйдүн көрүнүктүү жерине илингени бекеринен эмес. Кичинекей коңгуроо кыргыз көчүнүн көркөм кооздугунун атрибуту болгон. Жылаажындын добуштары кыргыз аял затынын жагымдуу назик үнү менен салыштырылган [3, 34-б.].

Жогоруда сүрөттөлгөн музыкалык аспаптар бир эле мезгилде этногенетикалык жана этнографиялык маселелерди тактоого жардам бере алат. Тянь-Шань тоолорунда жашаган жалпы көчмөн уруулардын, Фергана өрөөнүндө жашап дыйканчылык менен кесип кылган элдердин ортосундагы карым –катнашты, Түштүк Сибирдеги этникалык процесстер менен болгон тыгыз байланышты тактап, элдик философиялык түшүнүктөрүн, ой-жүгүртүүнүн өзгөчөлүктөрүн чагылдырат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Абрамзон С.М. Кыргыз элинин маданияты жөнүндө очерктер. – Ф., 1946.

2. Айтмамбетов Д.О. XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башындагы кыргыз элинин маданияты. – Ф.:Илим 1967.

3. Алагушев Б. Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары. – Ф.: Кыргызстан, 1974.

4. Бернштам А.Н. Саймалы Таш // Сов. этногрфия. – 1952. – №2.

5. Виноградов В.С. Кыргыз эл музыкасы. – Ф.: Киргосиздат, 1958.

6. Дуйшалиев К. Кыргыз эл музыкасы. Окуу китеби. – Б.: Шам, 2007.

7. Субаналиев С. Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары: идиофондор, мембранофондор, аэрофондор. – Ф.: Адабият, 1991. – 144-б.

**Рецензент: тарых илим. канд. Момунбаева Н.С.**